Кыргыз билим берүү академиясынын, И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин жана С.Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университетинин алдындагы Д. 13.16.526 диссертациялык кеңешинин эксперттик комиссиясынын **Божонов Замирбек Сабиржановичтин «Студенттерди инсандык жактан калыптандыруу процессинде кураторлордун тарбиялык ишмердүүлүгүн уюштуруунун педагогикалык шарттары»** деген темадагы 13.00.08 – кесиптик билим берүүнүн теориясы жана методикасы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн коргоого сунушталган диссертациясына карата

# БҮТҮМҮ

**Эксперттик комиссиянын курамы: эксперттик комиссиянын төрайымы** - педагогика илимдеринин доктору, профессор А.С.Раимкулова, **комиссиянын мүчөлөрү:** педагогика илимдеринин доктору, профессор Н.О.Мааткеримов, педагогика илимдеринин доктору, профессор К.М.Беркимбаев изденүүчү З.С.Божонов тарабынан сунушталган 13.00.08 – кесиптик билим берүүнүн теориясы жана методикасы адистиги боюнча «Студенттерди инсандык жактан калыптандыруу процессинде кураторлордун тарбиялык ишмердүүлүгүн уюштуруунун педагогикалык шарттары» аттуу темадагы кандидаттык диссертациялык ишин карап чыгып, төмөндөгүдөй бүтүмгө келди.

**Комиссия төмөнкүлөрдү ырастайт:**

1. **Диссертациянын мазмунунун адистикке дал келиши жана диссертациялык кеңеште коргоого укуктуулугу.**

З.С.Божонов тарабынан сунушталган 13.00.08 – кесиптик билим берүүнүн теориясы жана методикасы адистиги боюнча «Студенттерди инсандык жактан калыптандыруу процессинде кураторлордун тарбиялык ишмердүүлүгүн уюштуруунун педагогикалык шарттары» деген темадагы кандидаттык диссертациясы Кыргыз билим берүү академиясынын, И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин жана С.Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университетинин алдындагы

докторлук (кандидаттык) диссертацияларды коргоо укугу берилген Д 13.16.526 диссертациялык кеңешинин профилине туура келет.

Диссертацияда ЖОЖдордо студенттерди инсандык жактан калыптандыруунун мазмуну, принциптери, технологиялары иштелип чыккан жана анын мазмуну 13.00.08 – кесиптик билим берүүнүн теориясы жана методикасы адистигинин паспортуна толугу менен дал келет.

**Изилдөөнүн максаты** катары, жогорку окуу жайларда студенттерди инсандык жактан калыптандырууга өбөлгө түзүүчү кураторлордун тарбиялык ишмердүүлүгүн уюштуруунун моделин иштеп чыгуу жана аны теориялык жактан негиздеп, окуу-тарбия процессине киргизүү эсептелет.

**Коюлган максаттар диссертацияда төмөндөгү милдеттерди аткаруу менен чечилген:**

1. Студенттерди инсандык жактан калыптандыруу процессинде куратордук институттун теориялык жана методологиялык жактан изилденишинин учурдагы абалы талдоого алынган;

2. Окуу-тарбия процессинин түрдүү баскычтарында куратордук ишмердүүлүктүн принциптери, функциялары жана талаптары аныкталган;

3. Куратордун тарбиялык ишмердүүлүгүн уюштуруунун модели иштелип чыккан жана аны окуу-тарбия процессинде пайдалануунун педагогикалык шарттары аныкталган;

4. Студенттерди тарбиялоодо жана аларды өзүн-өзү тарбиялоодогу кураторлордун ишмердүүлүгүнүн компоненттери, принциптери жана функциялары аныкталган;

5. Студенттерди инсандык жактан калыптандыруу процессинде алардын таанып-билүү активдүүлүгүн өнүктүрүүнүн каражаттарын, формаларын, методдорун жана технологияларын иштеп чыккан. Түзүлгөн моделдин эффективдүүлүгүн жана методикалык сунуштардын натыйжалуулугун педагогикалык экспериментте текшерген жана жыйынтыктаган.

Диссертациянын **изилдөө объектиси** катары жогорку окуу жайлардын окуу-тарбия иштерин уюштурууда студенттерди инсандык жактан калыптандыруу процесси каралган.

**Изилдөөнүн методдору:** байкоо, аңгемелешүү, анкета, педагогикалык эксперимент, математикалык-статистикалык усулдарды колдонуу менен сандык жана сапаттык салыштыруу, индукция, дедукция, талдоо жүргүзүү пайдаланылган.

Бул 13.00.08 – кесиптик билим берүүнүн теориясы жана методикасы адистиги боюнча изилдөөлөрдүн талаптарына туура келет.

**2. Диссертациялык теманын актуалдуулугу.**

«Кыргыз Республикасынын Конститутциясында», «Кыргыз Республикасынын Билим берүү жөнүндөгү Мыйзамында», «Кыргыз Республикасындагы элдердин жана этностор аралык мамилелерди бекемдөө Концепциясында», «Кыргызстандын жаштар саясатынын Концепциясында», «Кыргыз Республикасында балдарды жана жаштарды тарбиялоонун 2020-жылга чейинки Концепциясында» жана башка расмий документтерде жарандарды инсандык жактан калыптандыруу боюнча тиешелүү милдеттер коюлган.

Бул нормативдик документтерде ЖОЖдогу тарбиялык иштердин башкы максаттарын, милдеттерин орундатууга багытталышы керек. Тарбиялык иштердин мазмунунда инсандын өзүн-өзү реализациялоосун, жаран катары өзүн-өзү аңдап-сезүүсүн өркүндөтүү үчүн тиешелүү шарттарды түзүү, социалдык жактан компетенттүү, гуманисттик идеяларга багыт алган, академиялык жактан мобилдүү, дүйнө таанымы жагынан кенен мүмкүнчүлүккө ээ болгон, өзүнүн жашоо сапатын өзгөртө алган инсанды калыптандырууга көмөктөшүү турат. Ошондуктан кураторлордун тарбиялык ишмердүүлүгүнүн мазмунун азыркы талапка ылайык аныктоо жана таалим-тарбия процессинде аны ишке ашыруунун методдорун, каражаттарын жана формаларын иштеп чыгуу педагогика илиминин актуалдуу проблемаларынын бири болуп саналат.

Жогоруда айтылгандардын баары азыркы коомдун талаптарына жооп берген кураторлук системаны теориялык жактан негиздеп, практикага киргизүү зарылдыгын шарттайт. Мындай максат тарбиялоо процессин уюштуруунун дүйнөлүк тажрыйбасын жана андагы куратордун ролун, тарбиялык процессти башкаруу теориясы менен практикасын талдоону талап кылат. Бул илимий изилдөөнүн актуалдуулугун негиздейт.

### 3. Илимий жыйынтыктар

Диссертациялык иште педагогика илимдеринин 13.00.08 – кесиптик билим берүүнүн теориясы жана методикасы адистиги үчүн маанилүү болгон төмөндөгүдөй жаңы илимий жактан негизделген теориялык жыйынтыктар келтирилген:

**1-жыйынтык.** Студенттерди инсандык жактан калыптандыруу процессинде кураторлук институттун теориялык жана методологиялык жактан изилденишинин учурдагы абалы талдоого алынган;

**2-жыйынтык.** Куратордун тарбиялык ишмердүүлүгүн уюштуруунун модели иштелип чыккан, аны окуу-тарбия процессинде пайдалануунун педагогикалык шарттары, кураторлук ишмердүүлүктүн принциптери, функциялары аныкталган;

**3-жыйынтык.** Окуу-тарбия процессинин түрдүү баскычтарында студенттерди тарбиялоодо жана аларды өзүн-өзү тарбиялоодогу кураторлук ишмердүүлүктүн компоненттери, принциптери жана функциялары аныкталган;

**4-жыйынтык.** Студенттерди инсандык жактан калыптандыруу процессинде алардын таанып-билүү активдүүлүгүн өнүктүрүүнүн каражаттары, формалары, методдору жана технологиялары иштелип чыккан. Түзүлгөн моделдин эффективдүүлүгү жана натыйжалуулугу педагогикалык экспериментте текшерилген.

Илимий иштин натыйжалары илимий-практикалык конференцияларда, семинарларда талкууланган. Изилдөөнүн мазмунуна байланыштуу 14 илимий

макала жарык көргөн, алардын ичинен 5 макала РИНЦ системасында жарыяланган. Ошондуктан, диссертант тарабынан алынган илимий жоболор, жыйынтыктар жана сунуштар негиздүү болуп эсептелинет жана илимдин аталган багыты үчүн өзгөчө мааниге ээ.

**4. Диссертацияда чыгарылган ар бир жыйынтыктын (илимий жобонун) жана изденүүчүнүн корутундусунун негиздүүлүгү жана ишенимдүүлүгүнүн деңгээли.**

**1-жыйынтык.** Студенттерди инсандык жактан калыптандыруу процессинде кураторлук институттун изилденишинин теориялык жана методологиялык негиздери талдоого алынган, анын негизинде бул институттун калыптанышы, өнүгүү этаптары изилденген. Изилдөө окумуштуулардын эмгектерине, изденүүчүнүн жеке иш-тажрыйбаларына таянуу менен ишенимдүү негизделген.

**2-жыйынтык.** Студенттерди инсандык жактан калыптандыруу процессинде кураторлордун ишмердүүлүгүн уюштуруунун модели түзүлүп, ал моделде ишмердүүлүктүн максаты, милдети, инсандык сапаттарды калыптандыруунун мазмуну, принциптери, технологиялары, компоненттери жана кесиптик сапаттары иштелип чыккан. Ал педагогикалык-психологиялык илимдердеги изилдөөлөргө жана КРнын ЖОЖдорундагы тажрыйбаларына таянган.

**3-жыйынтык.** ЖОЖдун документациясынын тизмегине “Кураторлук журнал”, “Студенттин жекече мүнөздөмөлөрүнүн картасы” киргизилген, бул болсо студенттердин активдүүлүгүн жана адептик жактан өнүгүүсүн объективдүү баалоого, ошондой эле кураторлордун ишмердүүлүгүн критерийлер боюнча аныктоого мүмкүндүк берген. Алардын ишенимдүүлүгү педагогикалык тажрыйбаларда сыналган.

**4-жыйынтык.** Педагогикалык эксперименттин жыйынтыктары көрсөткөндөй эксперименталдык группаларда студенттердин инсандык жактан калыптануу деңгээлдеринин жогорулагандыгы далилденген. Студенттердин инсандык

жактан калыптануу деңгээли ОшМУда 15,2% дан 29,1% га чейин жогорулаган. Ал эми ОГПИде 16,7% дан 26,5% га чейин өзгөргөн. Алынган жыйынтыктардын ишенимдүүлүгү педагогикалык экспериментте текшерилген.

5. **Диссертацияда чыгарылган ар бир илимий жыйынтыктын (жобонун) жана изденүүчүнүн корутундусунун жаңылыгынын деңгээли.**

**1-жыйынтык.** Белгилүү бөлүгү жаңы. Куратордук институттун изилденишин теориялык жана методологиялык жактан Кыргыз Республикасында бул изилдөөгө чейин талдоого алынган эмес.

**2-жыйынтык.** Жаңы, бул изилдөөгө чейин окуу-тарбия процессинин түрдүү баскычтарында куратордук ишмердүүлүктүн принциптери, функциялары жана талаптары иштелип чыккан эмес;

**3-жыйынтык.** Жаңы, бул изилдөөгө чейин ЖОЖдордо окуу-тарбия процессинин жүрүшүндө куратордун тарбиялык ишмердүүлүгүн уюштуруунун модели, анын окуу-тарбия процессинде пайдалануунун педагогикалык шарттары аныкталган эмес;

**4-жыйынтык.** Жаңы, студенттерди тарбиялоодо жана аларды өзүн-өзү тарбиялоодогу кураторлордун ишмердүүлүгүнүн компоненттери, принциптери, функциялары жана технологиялары изилдөөчү тарабынан иштелип чыккан.

**6. Ички биримдигин жана тиешелүү актуалдуу проблеманын, теориялык жана прикладдык милдеттердин чечилишине алынган жыйынтыктардын багытын баалоо.**

З.С.Божоновдун «Студенттерди инсандык жактан калыптандыруу процессинде кураторлордун тарбиялык ишмердүүлүгүн уюштуруунун педагогикалык шарттары» деген темадагы диссертациясында алынган жыйынтыктар өз ара байланыштуу, практикалык сунуштардын тууралыгын теориялык жоболордун негизинде берген. Диссертация аталган проблема боюнча бир ички бүтүндүккө бириктирилген бир топ илимий жаңы жыйынтыктарды жана жоболорду камтыйт жана алар автордун педагогика илимине кошкон жеке салымын күбөлөп турат. Алынган натыйжалар ички биримдикте жана логикалык ырааттуулукка ээ. Практикалык сунуштар

педагогикалык экспериментте текшерилген жана теориялык жоболорго негизделген.

**7. Алынган жыйынтыктардын практикалык баалуулугу.**

Диссертациялык иш илимий жана практикалык мааниге ээ болуп эсептелет. Анткени изилдөөчү психологиялык-педагогикалык изилдөөлөргө негиздеп, студенттерди инсандык жактан калыптандыруу процессинде кураторлордун педагогикалык ишмердүүлүгүнүн мотивациялык, долбоорлоочулук, коммуникативдик, уюштуруучулук, инсандык-рефлекциялык, креативдүүлүк компоненттерин жана аларга тиешелүү болгон кандай билимдерге, билгичтиктерге жана көндүмдөргө ээ болуусун аныктаган. Студенттерди инсандык жактан калыптандырууну камсыздоого багытталган кураторлордун ишмердүүлүгүн уюштуруунун моделин, нормативдик документтерди жана куратордук журналды, иш пландарды, көрсөтмөлөрдү, жоболорду ЖОЖдордун кураторлору академиялык тайпаларда пайдаланууга болот.

Ишке ашыруунун жыйынтыктары боюнча төмөндөгүдөй оң натыйжалар алынган:

**а)** Студенттерди инсандык жактан калыптандыруу процессинде куратордук институттун изилденишинин теориялык жана методологиялык негиздери талдоого алынган.

**б)** Студенттерди инсандык жактан калыптандыруу процессинде кураторлордун ишмердүүлүгүн уюштуруунун модели түзүлүп, ал моделде ишмердүүлүктүн максаты, милдети, инсандык сапаттарды калыптандыруунун мазмуну, принциптери, технологиялары, компоненттери жана кесиптик сапаттары иштелип чыккан.

**в)** ЖОЖдун документациясынын тизмегине “Куратордук журнал”, “Студенттин жекече мүнөздөмөлөрүнүн картасы” киргизилген.

**г)** Педагогикалык эксперименттин жыйынтыктары көрсөткөндөй эксперименталдык группаларда студенттердин инсандык жактан калыптануу деңгээлдеринин жогорулагандыгы далилденген.

**8. Диссертациянын негизги жоболорунун, жыйынтыктарынын жана натыйжаларынын жарыялангандыгын тастыктоо.**

Диссертациянын мазмуну автордун төмөндөгү эмгектеринде чагылдырылган:

1. Божонов З.С. Роль кураторов в воспитании и самовоспитании студентов [Текст] / З.С.Божонов, Д.Б.Бабаев // Махмуд Кашгари-Барскани атындагы Чыгыш университети. – Бишкек, 2012. - №1 (13). - С. 273-275;
2. Божонов З.С. Роль и функции куратора в воспитательной системе вуза [Текст] / З.С.Божонов, А.Д.Бабаев // Вестник Иссык-Кульского университета. - Каракол, 2013. - №35. - С. 202-206;
3. Божонов З.С. Основные принципы воспитательной работы кураторов вуза [Текст] / З.С.Божонов, Д.Б.Бабаев // Наука и новые технологии - Бишкек, 2013. - №1. - С. 281-283;
4. Божонов З.С. Куратордук институттун өнүгүү тарыхы жана учурдагы абалы [Текст] / З.С.Божонов // Ош мамлекеттик университетинин жарчысы. - Ош, 2013. - №4. - 72-75 б.;
5. Божонов З.С. Система кураторства – как основа воспитательной работы студентов в вузе [Текст] / З.С.Божонов // Наука и новые технологии - Бишкек, 2013. - №1. - С. 286-289;
6. Божонов З.С. ЖОЖдордо студенттердин билимди өздөштүрүүсүн көзөмөлдөө менен кураторлордун тарбиялык иштерин айкалыштыруу [Текст] / З.С.Божонов // Ош мамлекеттик университетинин жарчысы. - Ош, 2013. - №4. - 75-79 б.;
7. Божонов З.С. Роль куратора в воспитательной работе вуза [Текст] / З.С.Божонов, Д.Б.Бабаев // Жетысуский государственный университет им. И.Жансугурова. – Талдыкорган, 2014. - С. 66-69;
8. Божонов З.С. Основные принципы и цели воспитательной работы студентов в вузе [Текст] / З.С.Божонов, Д.Б.Бабаев // Известия Кыргызской академии образования. – Бишкек, 2014. - №1 (29). - С. 82-85;

9. Божонов З.С. Куратордук журнал – куратордун педагогикалык көмөкчүсү [Текст] /З.С.Божонов// Известия вузов Кыргызстана. – Бишкек, 2015, №10. С. 133-134.

10.Божонов З.С. Куратор – основной наставник студентов вуза [Текст] /З.С.Божонов, Д.Б.Бабаев // Известия вузов Кыргызстана. – Бишкек, 2015, №10. С. 135-138;

11.Божонов З.С. Основные функции воспитательной работы со студентами вуза [Текст] / З.С.Божонов // Актуальные проблемы гуманитарных и естественных наук. – Москва, 2016. – №06(89). – Ч.III. – С. 12-14;

12.Божонов З.С. Роль системы кураторства в воспитании студенческой молодежи [Текст] / З.С.Божонов, Д.Б.Бабаев // Вестник, Кыргызского национального университета им. Ж.Баласагына – Бишкек, 2016, с. 83-87;

13.Божонов З.С. Система кураторства и ее роль в воспитании студенческой молодежи [Текст] /З.С.Божонов// Актуальные проблемы гуманитарных и естественных наук. – Москва, 2016.–№06 (89).–Ч. III. – С. 14-17;

14.Божонов З.С. ЖОЖдун тарбиялык ишмердүүлүгүнө байланышкан түшүнүктөр: тьютор, насаатчы, куратор [Текст] / З.С.Божонов, Д.Б.Бабаев // Ош мамлекеттик университетинин жарчысы. - Ош, 2017. - №8. - 42-46 б.

**9. Автореферattын диссертациянын мазмунуна дал келиши.** Автореферат диссертациянын мазмунуна, андагы теманын актуалдуулугуна, изилдөөнүн проблемасына, максаты менен милдеттерине, илимий жаңылыгына, илимий-теориялык жана практикалык маанисинин аныкталышына, коргоого коюлуучу негизги жоболорго, изденүүчүнүн жеке салымына, иштин натыйжаларынын тастыкталышына, диссертациялык изилдөөнүн натыйжаларынын жарыяланышынын толуктугуна, изилдөөнүн структурасына толугу менен дал келет. Автореферат кыргыз, орус, англис тилдеринде бирдей мазмундагы резюмелерге ээ.

**10. Жетектөөчү мекемени, расмий оппоненттерди дайындоо жөнүндөгү сунуштун негиздүүлүгү.**

Жетектөөчү мекеме катары И.Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университетинин инженердик педагогика кафедрасы

сунушталат. Кафедрада педагогика илимдеринин докторлору, профессорлор М.К.Асаналиев, Т.Э.Уметов, А.А.Акматкулов ж.б. эмгектенет.

Биринчи расмий оппонент катары Ж.Баласагын атындагы КУУнун профессору, педагогика илимдеринин доктору Раимкулова Ажарбүбү Супуровна сунушталат (шифры 13.00.08), себеби анын изилдөө проблемасына арналган төмөндөгүдөй илимий макалалары бар:

1. Раимкулова А.С. Билим берүү системасын модернизациялоо проблемасы жана педагогикалык кадрларды даярдоо маселелери [Текст] /А.С.Раимкулова. - 65 летие ВОВ: Связь поколений: Вестник КНУ им. Ж.Баласагына. – Бишкек, 2010. – С. 114-115.

2. Раимкулова А.С. Педагогикалык чеберчиликке жүз кадам [Текст]: учебное пособие для педвузов /А.С.Раимкулова. – Бишкек, 2010. – 80 б.

3. Раимкулова А.С. Тенденции развития высшего образования КР в глобализирующем мире и их отражение в системе подготовки педагогических кадров [Текст] /А.С.Раимкулова // Вестник КГУ им. И.Арабаева. – Бишкек. 2010. – № 1 . - С. 160-164.

Экинчи расмий оппонент катары ЖАМУнун Окумуштуулар Кеңешинин катчысы, педагогика илимдеринин кандидаты Нусупова Роза Сарыпбековна сунушталат (шифры 13.00.08). Изилдөөнүн темасына жакын төмөндөгүдөй макалалары бар:

1. Нусупова Р.С. Толеранттуулук маданиятындагы проблемалар [Текст] / Р.С.Нусупова // ЖАМУнун жарчысы. – 2012. - № 1. – 201-203 бб.

2. Нусупова Р.С. Толеранттуулук инсандын маанилүү баалуулугу катары [Текст] / Р.С.Нусупова // Известия вузов Кыргызстана. – 2016. - № 2. – 153-155 бб.

3. Нусупова Р.С. Толеранттуулукка тарбиялоо жана окутуунун ыкмалары [Текст]: методикалык колдонмо / Р.С.Нусупова // Жалал-Абад, 2013. – 39 б.

Диссертациялык кеңештин эксперттик комиссиясы диссертациянын жана авторефераттын мазмуну менен таанышып чыгып, диссертациянын аталышын жогорудагы аталган формулировкада «Студенттерди инсандык

жактан калыптандыруу процессинде кураторлордун тарбиялык ишмердүүлүгүн уюштуруунун педагогикалык шарттары» деп сунуштайт.

Диссертациянын мазмуну, алынган илимий жаңылыктар, натыйжалар, жарык көргөн илимий макалалардагы негизги жоболор толук түрдө 13.00.08 – кесиптик билим берүүнүн теориясы жана методикасы адистигинин паспортуна дал келишин ырастайт.

Диссертациялык кеңештин эксперттик комиссиясы сунуш кылынган документтерди карап чыгып, Кыргыз билим берүү академиясынын, И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин жана С.Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университетинин алдындагы Д 13.16.526 диссертациялык кеңешинде 13.00.08 – кесиптик билим берүүнүн теориясы жана методикасы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган Божонов Замирбек Сабиржановичтин **«Студенттерди инсандык жактан калыптандыруу процессинде кураторлордун тарбиялык ишмердүүлүгүн уюштуруунун педагогикалык шарттары»** деген темадагы диссертацияны кабыл алууну сунуш кылат.

**Эксперттик комиссиянын төрайымы,**
**педагогика илимдеринин доктору,**
**профессор:** **А.С.Раимкулова,**

**Эксперттик комиссиянын мүчөлөрү:**

**Педагогика илимдеринин**
**доктору, профессор:** **Н.О.Мааткеримов,**

**Педагогика илимдеринин**
**доктору, профессор:** **К.М.Беркимбаев**

**Комиссия мүчөлөрүнүн колун тастыктайм**

**Диссертациялык кеңештин**
**окумуштуу катчысы, педагогика**
**илимдеринин доктору:** **Байсеркеев А.Э.**